**УДК: 349.6**
**DOI 10.53473/16946324_2023_4**

**Аскарбеков Д. Э.,**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Эл аралык укук жана дуйнолук
саясат кафедрасынын доцентинин м.а., ю.и.к.
**Аскарбеков Д. Э.,**
к.ю.н., и.о.доцента кафедра
Международного права и мировой политики
КНУ имени Ж.Баласагына
**Askarbekov Dyr Erkinbekovich,**
Ph. D (Law), Acting Associate Professor,
Department of International Law and World
policy of the
KNU named after Zh. Balasagyn
**mobile phone**: +996 (772) 675 593
**e-mail:** askarbekov.dur@mail.ru
**Мусабаева Н.А.,**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Жер, агрардык жана экология
кафедрасынын доценти,
юридика илимдеринин кандидаты
**Мусабаева Н.А.,**
к.ю.н., доцент кафедры Земельного, агарного и
экологического права
КНУ имени Ж.Баласагына
**Musabayeva N.A.**
Ph. D (Law), Acting Associate Professor,
Department of International Law and World
policy of the
KNU named after Zh. Balasagyn
**mobile.:**+996 (500)700 000;
**e-mail:** nadira.musabaeva@mail.ru
**Н.Ж.Чыныбаева,**
КЭАУ
Эл аралык кызматташтык жана политология
кафедрасынын ю.и.к., доцентинин м.а.,
**Н.Чыныбаева,**
к.ю.н., и.о.доцента кафедры Международного,
предпринимательского права и политологии
МУКР
**Chynybaeva N.,**
Ph. D (Law), Acting Associate Professor
of the Department of International,
Business Law and Political Science,
IUKR
**mobile phone**: +996(559)101842
**e-mail:** Chynybaeva.nurgul.j@gmail.com

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ МЫЙЗАМДАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

# ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В ОБЛАСТИ ОХРАНЫ ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЫ

# THE MAIN DIRECTIONS OF IMPROVING THE LEGISLATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE FIELD OF ENVIRONMENTAL PROTECTION

***Аннотациясы:*** *Макалада айлана-чөйрөнү коргоо жаатында түзүлгөн коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуунун айрым көйгөйлөрүнө талдоо жүргүзүлгөн, анын жыйынтыктарынын негизинде азыркы этапта Кыргыз Республикасынын экологиялык мыйзамдарын өнүктүрүүнүн айрым багыттары аныкталган. Макалада камтылган тезистер экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө колдонуудагы экологиялык мыйзамдардын потенциалын баалоого мүмкүндүк берет, анткени экологиялык мамилелер улуттук укуктук жөнгө салуунун маанилүү чөйрөсү болуп саналат, ал эми экологиялык укук — коомдук мамилелердин маанилүү жөнгө салуучусу болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *экология; экологиялык укук; курчап турган чөйрөнү коргоо; жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу; экологиялык аудит; браконерчулук; экономикалык механизмдердин элементтеринин.*

***Аннотация:*** *В статье проведен анализ некоторых проблем правового регулирования общественных отношений, складывающихся в области охраны окружающей среды, на основе результатов которого определены отдельные направления развития экологического законодательства Кыргызской Республики на современном этапе. Содержащиеся в статье тезисы позволяют оценить потенциал действующего экологического законодательства в решении экологических проблем, так как экологические отношения являются значимой сферой национального правового регулирования, а экологическое право — важнейшим регулятором общественных отношений.*

***Ключевые слова:*** *экология; экологическое право; охрана окружающей среды; рациональное природопользование; экологический аудит; браконьерство; элементы экономических механизмов.*

***Abstrakt:*** *The article analyzes some problems of legal regulation of public relations emerging in the field of environmental protection, based on the results of which certain directions of development of environmental legislation of the Kyrgyz Republic at the present stage are determined. The theses contained in the article allow us to assess the potential of the current environmental legislation in solving environmental problems, since environmental relations are an important area of national legal regulation, and environmental law is the most important regulator of public relations.*

***Key words:*** *ecology; environmental law; environmental protection; rational use of natural resources; environmental audit; poaching; elements of economic mechanisms.*

---

Азыркы убакта жаңы социалдык муктаждыктарга, өлкөдөгү экологиялык каатчылыктын андан ары өнүгүшүнө, мамлекеттин саясий жана экономикалык негиздеринин, башкаруудагы жана укуктагы өзгөрүүлөрүнө байланыштуу экологиялык укукту колдонуу механизиминин көйгөйү өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Курчап турган чөйрөнү укуктук коргоо, курчап турган чөйрөнү коргоонун бүтүндөй тутумунун органикалык бөлүгү (тутумчасы) катары, белгилүү мааниде, укуктун өзүн, анын объектисин жана колдонуу чөйрөсүн билдирүү менен, андан сырткары, б. а. көп кырдуу, олуттуу ресурстарды талап кылуучу процесс, бүтүндөй бир багыт же социалдык жөнгө салуунун тармагы катары чыгат. [1] Ал өзүнө эң ар түрдүү, кээде укук менен аркылуу гана

байланышы бар, мисалы, уюштуруучулук, тарбиялык ж. б. сыяктоуу иш-чараларды өткөрүүнү камтыйт. [2]

КР Конституциясынын өзүндө жаратылышты коргоону жана жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуунун укуктук механизми жөнүндө түздөн-түз жоболор болбосо да, бирок алар тууралуу ушул чөйрөлөрдөгү милдеттерге гана байланыштуу эмес, Конституциядан келип чыгуучу экологиялык укуктарды сактоого карата дагы кеп кылуу орундуу болот. Механизмдин өзөгү, биздин көз карашыбызда, укуктук механизмдин колдонулушунун, анын ичинде, маалыматтык, уюштуруучулук, кадрдык шарттарын жөнгө салуучу конституциялык жана экологиялык укуктун ченемдери болуп саналат.

Ушуга байланыштуу экологиялык теориянын жана практиканын өнүгүшүндөгү таза экологиялык мүнөздөгү конституциялык ченемдердин ролун эч канча төмөндөтпөстөн туруп, жетектөөчү роль баары бир жалпы мүнөздөгү ченемдерге таандык экенин ырастоого болот. Бул ченемдер жана жалпысынын КР Конституциясы, биздин өлкөбүздө жарандык коомду жана укуктук мамлекетти калыптандыруу багытын бекемдөө менен, өзгөчө мамлекеттик-укуктук каражаттар менен ишке ашырылуучу бөлүгүндө, жаратылышты коргоо иштерин өркүндөтүү үчүн принципиалдуу жаңы негиздерди түзөт. Мында, курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик-укуктук каражаттар дегенде, биздин пикирибиз боюнча, төмөнкүлөр сыяктуу укуктук инструменттерди түшүнүү керек: экологиялык ченемдештирүү; экологиялык-техникалык регламенттештирүү жана стандартташтыруу; курчап турган чөйрөгө таасир этүүгө баа берүү жана экологиялык экспертиза; сертификатташтыруу; лицензиялоо; пландаштыруу; башка экономикалык-укуктук инструменттер (булгоочу заттарды жана микроорганизмдерди ыргытуу жана таштоо лимиттерин белгилөө, ошондой эле өндүрүш жана керектөө калдыктарын жана курчап турган чөйрөгө жагымсыз таасир этүүнүн башка түрлөрүн жайгаштыруу; жаратылыш объекттерин экономикалык баалоону жүргүзүү) ж. б. М. М. Бринчук белгилегендей, аталган инструменттердин ар бири экологиялык укуктун механизминде өзүнүн ордун ээлеп турат, анда белгилүү бир иш-милдеттерди аткарат. Ошондуктан ар кимдин ыңгайлуу курчап турган чөйрөгө укугунун сакталышын камсыз кылуу үчүн мамлекеттин Конституциясы мыйзам чыгаруучу тарабынан жаратылышты пайдалануунун жана курчап турган чөйрөнү коргоонун комплекстүү жана натыйжалуу механизмин түзүүнү талап кылат. [3]

Ошону менен бирге, мыйзам чыгаруучу бүгүнкү күндө экологиялык укуктарды, барыдан мурда, ыңгайлуу курчап турган чөйрөнү камсыз кылуу жана сактоо механизмин түзүү боюнча милдетти аткарбай жатат деп ырастоого болот. Мыйзамдарда азырынча бул механизмдин экологиялык аудит, экологиялык сертификациялоо, деградацияланган аймактарды экологиялык санациялоо деген сыяктуу инструменттери абдан алсыз жөнгө салынган. Ошол эле убакта, ушул маселелер боюнча колдонуудагы мыйзамдарга эч кандай өзгөрүүлөр киргизиле элек. Буга байланыштуу экологиялык мүнөздөгү көйгөйлөрдү чечүү маселелеринде мамлекеттик механизм иш жүзүндө аракетсиз бойдон калып жатканы тууралуу айтууга болот. Ошону менен мамлекеттин негизги институттарынын айрым бир иш-аракеттери КР Конституциясына ар дайым эле ылайык келе бербейт, мисалы, КР Ысык-Көл облусунун курорттук чөлкөмүндө радиоактивдүү заттарды иштетүүгө лицензияларды берүүдө.

Атмосфералык абанын салмакталган заттардан булгануусунан эле өлкөдө жыл сайын көптөгөн сандагы жарандар каза болушууда. Мында курчап турган чөйрөнү булгоо менен байланышкан, экологиялык мыйзамдарды бузуулар жөнүндө жазык иштери экологиялык кылмыштардын жалпы санынын 1%дан кемин түзөт. Негизинен жаратылыш ресурстарын мыйзамсыз пайдалануу менен байланышкан (браконерчулук, токойлорду мыйзамсыз кыюу, жер казынасын мыйзамсыз иштетүү ж. б.) кылмыштар жана укук бузуулар тууралуу ченемдер колдонулат.

Ошентип, улуттук укуктук механизмдердин, анын ичинде адам укуктарын коргоо маселелеринде сот тутумунун бир кыйла натыйжасыздыгы ар түрдүү эл аралык органдарга экологиялык укуктарды коргоо үчүн кайрылуулар көйгөйүн өзгөчө актуалдуу кылууда. [4]

«Курчап турган чөйрөнү коргоонун укуктук механизминен» тышкары, заманбап юридикалык адабиятта «курчап турган чөйрөнү коргоонун экономикалык механизми» деген түшүнүк киргизилип, бөлүнүп көрсөтүлө баштаган. М. М. Бринчук жаратылышты коргоонун экономикалык механизмин ченемдик-укуктук актыларда каралган жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну жана курчап турган чөйрөнү коргоону камсыз кылуу боюнча экономикалык чаралардын жыйындысы катары аныктайт. Н. В. Кичигин адилеттүү белгилегендей, курчап турган чөйрөнү коргоонун экономикалык механизми дегенде, алардын жардамы менен чарбалык иштин субъекттеринин экологиялык иш чараларды өткөрүүгө, курчап турган чөйрөгө жагымсыз таасир этүүлөрдү төмөндөтүү жана жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү боюнча экономикалык кызыкдарлыктарын кызыктыруучу укуктук каражаттардын (экономикалык механизмдердин элементтеринин) жыйындысын түшүнүү керек. Бирок, биздин пикирибиз боюнча, мындай аныктама кемчиликтерден дагы куру эмес, анткени, бүгүнкү күндө экономикалык кызыктыруунун бардык каражаттары мыйзамдык жактан регламенттештирилбеген. Мисалы, бир кыйла мыкты болгон технологияларды, энергиянын салттуу эмес түрлөрүн өздөштүрүүдө, экинчи ресурстарды пайдаланууда жана калдыктарды кайра иштетүүдө салыктык жеңилдиктерди берүү деген сыяктуу чаралар КР мыйзамдарында бекемделиши жана алар декларативдик мүнөздү алып жүрбөшү керек. Ошону менен бирге, мамлекеттик экологиялык башкаруу тутуму үзүлтүксүз кайра курулуп, административдик тоскоолдуктар менен күрөш жүргүзүлүп, мамлекеттик бийлик органдарында ыйгарым укуктар тигинен да, туурасынан кайра бөлүштүрүлүп жаткан шарттарда натыйжалуу экономикалык механизм өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Экологиялык укуктун механизминде жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну жана курчап турган чөйрөнү коргоону маалыматтык камсыз кылуунун уюштуруучулук-укуктук каражаттары маанилүү роль ойнойт. [3] КР Конституциясынын 48-беренесине ылайык жарандардын ыңгайлуу курчап турган чөйрөгө укугу анын абалы жөнүндө анык ишенимдүү маалыматтарды алуу укугу менен түздөн-түз байланыштуу. Бул укукту ишке ашыруу конституциялык ченемдер менен камсыз кылынат – кызмат адамдары кишилердин өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунуч туудурган фактыларды жана жагдайларды жашырып койсо, мыйзамда көрсөтүлгөн жоопкерчиликке кириптер болот. Жарандардын курчап турган чөйрөнүн абалы жөнүндө анык ишенимдүү маалыматтарга укугу «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» (мындан ары – курчап турган чөйрөнү коргоо жөнүндө Мыйзам) КР Мыйзамынын 45-статьясында бекемделген: экологиялык иш-милдеттерди аткарган коомдук бирикмелер жана кошундар айлана-чөйрөнүн булганышы, жаратылышты коргоонун абалы жөнүндө өз убагында жана толук маалымат алууга укуктуу; жарандар айлана-чөйрөнүн жана калктын ден соолугунун абалы жөнүндө, курууга пландаштырылып жаткан өндүрүштүк объектилер тууралуу толук жана так маалымат алууга укуктуу.

Ошентип, М. М. Бринчук адилеттүү ойлогондой, курчап турган чөйрөнүн абалы жөнүндө так ишинимдүү маалыматка укук абсолюттук болуп саналат. [3] Мамлекеттик мыйзамдардын маалыматтык өңүттөрү жөнгө салынуучу чөйрөнүн концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу жана мыйзамдык жактан бекемдөө процесстеринен бөлүнгүс, анткени акыркы жагдайлар мыйзамдарды өркүндөтүү үчүн эле эмес, Ысык-Көлдүн курорттук аймагында укук колдонуу практикасы жана башкаруу иштери үчүн дагы принципиалдуу мааниге ээ болот. Жаратылышты пайдалануу жана курчап турган чөйрөнү коргоо чөйрөсүндө объективдүү орун алган мамилелерге жооп берген экологиялык башкаруунун илимий негизделген концепциясынын жоктугу анын натыйжалуулугунун

төмөндөөсүнө алып келет. Илимий жүйөөсү жок, жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну жана табиятты коргоону ырааттуу жана натыйжалуу камсыз кылуу идеясына негизденбестен туруп, айрым ведомстволордун гана кызыкчылыктарынан улам, саясий жана экономикалык максаттарды жетекчиликке алуу менен аткаруу бийлик органдарынын тутумун өнүктүрүү боюнча чечимдерди кабыл алуу, бул укуктук мамлекеттин концепциясына карама-каршы келет.

Мамлекеттин коом алдындагы жана коомдун мамлекет алдындагы өз ара жоопкерчиликтери экологиялык аудит тутумунан көрүнүшү керек. «Экологиялык аудит жөнүндө» атайын КР Мыйзамынын кабыл алынышы, курорттук аймактын гана ишканаларынын өздөрүнө ар түрдүү, мисалы, ишканалардын алкактарында үзгүлтүксүз өзүн өзү текшерүүлөрдүн экологиялык бяндамаларын камтыган, курчап турган чөйрөнү коргоону ар дайым жакшыртуу боюнча белгилүү милдеттерди белгилөө боюнча милдеттенмелерди алууларын талаптайт. Мыйзамда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү зарыл: биринчиден, көрсөтүлгөн талаптарды аткаруучу уюм ыйгарым укуктуу кызмат тарабынан атайын реестрге киргизилери жана ишкананын беделине оң таасирин тийгизүүчү атайын эн тамганы пайдаланууга укуктуулугу. Экинчиден, мындай ишканалар экологиялык маселелер боюнча жоопту кызмат ордун киргизүү милдетинен бошотулары жана ишкананын адистеринин күчү менен, өз алдынча тийиштүү өлчөөлөрдү (атмосферанын, Ысык-Көл көлүнүн акваториясынын ж. б. булгануу деңгээлин) жүргүзө алышары.

Ысык-Көл курорттук аймагында курчап турган чөйрөнү коргоонун жана өнөр жайынын кызыкчылыктарынын тең сакталганда гана кооперация инструменттери натыйжалуу колдонулушу мүмкүн. Бул инструменттин таасирдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн бири мамлекеттин жана зыян келтирүүчүнүн жана (же) курчап турган чөйрөнү кооргоо боюнча коомдордун жана зыяе келтирүүчүлөрдүн ортосундагы сүйлөшүүлөр болуп саналат. Мындай сүйлөшүүлөрдүн негизи маңызы зыян келтирүүчүлөргө карата административдик таасир этүү чараларын колдонуудан качууда турат. Анткени өзүн өзү милдеттендирүү варианты бул учурда натыйжалуу усул болуп саналбайт, сүйлөшүүлөрдүн натыйжалары жөнүндө сунуштамаланган документ келишим болуп калышы керек, анда тийиштүү максаттар, тараптардын милдеттенмелери жана жоопкерчиликтери көрсөтүлүүсү тийиш.

Мыйзамда курчап турган чөйрөгө, жазуу жүзүндөгү, аудиовизуалдык, электрондук же кандай болбосун башка материалдык формадагы тийиштүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине коомчулуктун катышуусу жана сот адилеттигине жеткиликтүүлүк жөнүндө төмөнкүлөр конкреттүү регламенттелиши керек:

а) аба жана атмосфера, суу, кыртыш, жер, ландшафт жана жаратылыш объекттери, биологиялык көп түрдүүлүк жана генетикалык өзгөрүлгөн организмдерди кошуп алганда, анын компоненттери, жана ушул элементтердин ортосундагы өз ара аракеттенүүлөрү сыяктуу курчап турган чөйрөнүн элементтеринин абалы;

б) заттар, энергия, чуу жана нурлануу факторлору, ошондой эле административдик чараларды, курчап турган чөйрө жаатындагы макулдашууларды, курчап турган чөйрөнүн элементтерине таасир этүүчү же таасир этүүгө жөндөмдүү саясатты, мыйзамдарды, пландарды жана программаларды кошуп алганда, иштер же чаралар, курчап турган чөйрөгө тийиштүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууда пайдаланылган чыгымдардын жана натыйжалардын жана башка экономикалык талдоолордун жана жол берүүлөрдүн талдоосу;

в) адамдардын ден соолугунун жана коопсуздугунун абалы; адамдардын жашоо шарттары, аларга курчап турган чөйрөнүн элементтеринин абалы кандай деңгээлде таасирин тийгизген, же таасирин тийгизе алган деңгээлде, маданият объекттеринин жана имараттардын жана курулмалардын абалы, ушул элементтер, факторлор аркылуу таасир этүүчү, пунктча эскерилген иштер же чаралар.

Ошондой эле иштин натыйжасы курамында рак ооруларынын пайда болуусуна өбөлгө болуучу заттар табылган товарлардын тизмегин жүгүртүүдөн алып салуу болуп

саналган товарлардын сапаты жөнүндө маалыматтык ресурстарды колдонуу дагы бир кыйла маанилүү болуп саналат. Мындан тышкары, коомду экологиялык маалымат менен камсыз кылуу максаттарында, калкты аймактагы энергияны бир кыйла үнөмдөөчү товарлар жөнүндө кабарландырууну жүзөгө ашыруу.

Курчап турган чөйрөнү коргоонун механизмдеринин жогоруда саналган инструменттеринен тышкары, ушул параграфтын алкагында дүйнөлүк каржылык каатчылыктын мезгилинде аз эмес маанилүү ролду ойноочу дагы бир инструментти кароо керек – бул Ысык-Көлдүн курорттук аймактарындагы экологиялык программалар. Бул программанын негизги усулу жалпы экологиялык саясаттын, жана өзүнчө алып айтканда, экологиялык укуктун көйгөйлөрүн жана өнүгүү тенденцияларын, аныктоого мүмкүнчүлүк берүүчү калкты социологиялык сурамжылоо болуп саналат. Ошентип, мындай тыянакка келүүгө болот, курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча программалар дагы ошондой эле курчап турган чөйрөнү коргоонун укуктук механизминин инструменттерине кирет.

Ошентип, курчап турган чөйрөнү коргоонун укуктук механизмин өркүндөтүүнүн жүргүзүлгөн укуктук изилдөөсү көрсөткөндөй, натыйжалуу укуктук жана экономикалык- укуктук механизм Ысык-Көлдүн курорттук аймактарында эле эмес, дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын шарттарында, ошондой эле мамлекеттик экологиялык башкаруу тутумун тынымсыз кайра куруулардан, административдик тоскоолдуктар менен күрөшүүдөн, мамлекеттик бийлик органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрүүлөрдөн улам өзгөчө мааниге жана маанилүүлүккө ээ болууда.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси**


1. Казимирчук В.П. Социальное действие права в условиях развитого социализма [Текст]: автореф. дис канд. юрид. наук / В.П. Казимирчук. М., 1977. – 25 с.
2. Дубовик О.Л. Механизм действия права в охране окружающей среды [Текст]: / О.Л.Дубовик. – М.: Наука, 1984. – С. 43.
3. Конституция Кыргызской Республики [Электронный ресурс]: принята референдумом (всенарод. голосованием) 11 апреля 2021 года (Введена в действие Законом Кырг.Респ. от 5 мая 2021 года) // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». – Режим доступа: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. – Загл. с экрана;
4. Бринчук М.М. Концепция развития экологического законодательства Россий- ской Федерации [Текст]: /М.М. Блинчук. – СПб.: Издательство Юридического инсти- тута, 2009. – С.120-121, 140.
5. Об охране и использовании растительного мира [Электронный ресурс]: закон Кырг. Респ. от от 20 июня 2001 года N 53 (в редакции Законов КР от 24 июня 2003 года N 114, 26 февраля 2007 года N 21, 22 октября 2009 года N 284, 2 марта 2010 года N 39, 6 июля 2016 года N 99, 23 марта 2020 года № 29) // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». – Режим доступа: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. – Загл. с экрана.